# Россия Федерациясынын миграция мыйзамдарындагы өзгөрүүлөр боюнча маалымат.

2024-жылдан тартып Россия Федерациясында миграция тармагына байланыштуу 25 федералдык мыйзамга өзгөртүүлөр киргизилди. Алардын ичинде Россия Федерациясынын Административдик укук бузуулар жөнүндө кодекси, Кылмыш-жаза кодекси жана башка бир катар ченемдик-укуктук актылар бар. Негизги жаңылыктардын бири – Россия Федерациясында мыйзамдуу түрдө болууга укугу жок чет өлкөлүк жарандарга карата колдонулуучу **чыгаруу укуктук режиминин** (режим высылки) киргизилиши болду. Ошондой эле **көзөмөлдөнүүчү адам** түшүнүгү киргизилип, **көзөмөлдөнүүчү адамдардын реестри** түзүлдү.

Мындан тышкары, 2025-жылдын 1-январынан тартып Россияга визасыз тартипте кирген чет өлкөлүк жарандардын убактылуу жүрүү мөөнөтүнө байланыштуу өзгөртүүлөр күчүнө кирди. Эми алардын Россиянын аймагында болуу мөөнөтү календардык жыл ичинде жалпысынан 90 сутка менен чектелет.

Ошондой эле, 2025-жылдын 1-сентябрынан тартып Москва шаарында жана Москва облусунда эксперимент жүргүзүлүүдө. Анын алкагында чет өлкөлүк жарандарды каттоо атайын **«Амина»** мобилдик тиркемеси аркылуу жүргүзүлөт.

2026-жылдын 1-июлунан тартып Россия Федерациясында КМШнын визасыз режимдеги мамлекеттеринин жарандары үчүн, анын ичинде Кыргыз Республикасынын жарандары үчүн жаңы талаптар күчүнө кирет.

**2026-жылдын 1-июлунан тартып Россия Федерациясынын аймагына кирүү үчүн төмөнкүлөр талап кылынат:**

1. App Store же Google Play аркылуу «RuID» мобилдик тиркемесин жүктөп алуу;
2. Паспорттук маалыматтарды көрсөтүү менен каттоодон өтүү;
3. Сапардын максатын, кирүү жана чыгуу күндөрүн, ошондой эле бара турган аймакты көрсөтүү;
4. Жеке кабинетке өзүнүн сүрөтүн, биометрикалык маалыматтарын жана үн жазуусун жүктөө;
5. Кирүүгө арыз берип, чек ара көзөмөлүндө көрсөтүлүүчү QR-кодду алуу. QR-код берилген күндөн тартып 90 күн бою жарактуу болот.

Арыз мамлекеттик чек арадан өтүүгө кеминде 72 саат калганда берилүүгө тийиш. Жакын тууганынын оор илдетке чалдыгуусу же каза болушу сыяктуу өзгөчө кырдаалдарда арызды кирүүгө чейин кеминде 4 саат мурда тапшырууга жол берилет.

Муну менен катар Россия Федерациясына кирүү пункттарында чет өлкөлүк жарандардын милдеттүү биометрикалык идентификациясынан өтүү талабы күчүндө калат. Ал жарандарды сүрөткө тартууну жана манжа издерин алууну камтыйт.

Ошондой эле Көз карандысыз Мамлекеттер Шериктештигине мүчө мамлекеттердин эл аралык автомобиль ташууларын жүзөгө ашырган кесипкөй

айдоочулары үчүн Россия Федерациясында убактылуу болуу мөөнөтү узартылганы белгиленет. Эгерде алар Россия Федерациясына кирүүнүн жана өлкө аймагында жүрүүнүн (же жашоонун) максаттары жөнүндө белгиленген тартипте арыз беришсе, алардын убактылуу жүрүү мөөнөтү бир календардык жыл ичинде жалпысынан 180 суткага чейин узартылат.

Министрлик Россия Федерациясына эмгек ишмердүүлүгү же билим алуу максатында барууну пландаштырган жарандарга жаңы талаптар менен алдын ала таанышып, «RuID» тиркемеси аркылуу каттоодон өтүүнү сунуштайт. Бул чек арадан өтүүдө мүмкүн болгон кыйынчылыктардын алдын алууга жардам берет.

**RuID** – Россияга мыйзамдуу түрдө кирүү жана электрондук профиль алуу үчүн керек.

**«Амина»** – каттоого туруу жана Москва аймагында мыйзамдуу жашап, иштөө үчүн керек.